**"БЕКИТЕМИН"**
Д 08.24.707 Диссертациялык
кеңештин төрагасы,
э.и.д., профессор Баетов Б.И.

8-сентябрь 2025-жыл

**№ 4/1 ПРОТОКОЛУ**

**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинин жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 08.24.707 диссертациялык кеңешитин өткөрүлгөн отурумунун**

**Катышкандар:** 1. Баетов Б.И. – диссертациялык кеңештин төрагасы, э.и.д., профессор;
2. Рысалиева М.Ш. – төраганын орун басары, э.и.д., доцент;
3. Окенова А.О. – окумуштуу катчы, э.и.к;
4. Атышов К. – э.и.д., профессор;
5. Базарбаева Р.Ш. – э.и.д., профессор;
6. Джумалиева Э.Б. – э.и.д., доцент;
7. Ишенов Б.Ч. – э.и.д., доцент;
8. Сыдыков Б.К. – э.и.д., профессор;
9. Суюналиева Н. К. – э.и.к., доцент;
10. Ускенов М. – э.и.д., доцент;
11. Мамыралиева А. Т. – э.и.к., доцент.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, э.и.д., профессор Баетов Б.И.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика жана 08.00.13 - экономиканын математикалык жана инструменталдык методдору адистиги боюнча М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинин жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын алуу үчүн Д 08.24.707 диссертациялык кеңешитин кезектеги жыйынын баштоого уруксат бериңиздер!

Диссертациялык кеңеш 13 адамдан турат. Бүгүн кеңештин 11 мүчөсү катышууда. Жыйналыш укуктуу болуп саналат, кворум бар.

**Күн тартибинде** төмөнкү маселелер турат:

1. Диссертацияларды Кеңеште эксперттерди дайындоо;
2. Омошев Төлөгөн Теңировичтин диссертациясын алдын ала коргоосу.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер! Күн тартибине добуш берүүнү сунуштайм. Добуш, бир добуштан болду.

**1.1. Төрага:** Урматтуу кесиптештер! Кеңешке Мырзалиева Мадина Алмасбековнанын диссертациясы жана документтери келип түштү. 45-беренеге ылайык, эгерде УАКна документтер көрсөтүлгөн жана диссертация Кеңешке сунушталган болсо, биз аларды кабыл алууга жана алдын ала талкуулоого тийиштүүбүз.

**Төрага:** Берилген документтердин коюлган талаптарга ылайыктуулугун жарыялоо үчүн сөз кеңештин окумуштуу катчысына берилет.

**Окумуштуу катчы:**

Сведение о соискателе - Мырзалиева Мадина Алмасбековна гражданка Кыргызской Республики, родилась 2 декабря 1985 году в городе Бишкек.

Образование высшее в 2008 году Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова по специальности «Экономическая журналистика и реклама», в 2015 году Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова по специальности «Экономист-менеджер»

С 2011-2022 гг. работала преподавателем кафедры «Экономическая журналистика и реклама» КГТУ им.И.Раззакова, потом старшим преподавателем кафедры «Предпринимательства и коммерции» а в последующем кафедры «Логистика».

С 2022- по настоящее время является директором по воспитательной и социальной работе КГТУ им.И.Раззакова и паралельно совмещает преподавательскую деятельность в Международной высшей школе логистики КГТУ им.И.Раззакова.

Тема диссертационной работы утверждена Приказом №54 от 04 марта 2019 года Бишкекского Государственного Университета им.К.Карасаева, на основании решения Ученого Совета БГУ им.К.Карасаева протокол №5 от 27 февраля 2019 года

Научным руководителем является д.э.н., профессор Савин Виктор Евгеньевич.

Имееется акт внедрения от Министерство экономики и коммерции КР от 15 января 2025 года.

Основные положения и результаты диссертации нашли отражение в 16 публикациях из них 2 – в журналах индексируемых в базах Scopus и Web of science, 10 – в журналах, входящих в базу РИНЦ КР утвержденный Президиумом ВАК КР. Составляет 302 баллов и все соответствуют теме диссертации.

**Төрага:** - Кеңештин мүчөлөрүндө окумуштуу катчыга суроолор барбы?

- Кеңеш мүчөлөрүнүн изденүүчүгө карата суроолору барбы? – Жок.

Мырзалиева Мадина Алмасбековна 08.00.06 адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Современные тенденции развития потребительского рынка в Кыргызской Республике» темасындагы диссертацияны объективдүү кароого эксперттик комиссия түзүү зарыл.

Эксперттерди дайындоого:

Атышова Кобогона - э.и.д., профессор;

Базарбаева Рахат Шимшиевна - э.и.д., профессор;

Ишенов Бейшенбек Чоңмурунович - э.и.д., доцент.

Кандай сунуштарыңар бар? Эгер макул болбосоңор, эксперттик комиссиянын курамына көрсөтүлгөн адамдарды киргизүүгө добуш берип коюңуздар.

Макул –_*11*__ . Каршы - __*жок*______.

1.2. **Төрага:** Урматтуу кесиптештер! Кеңешке Талгарбеков Бекболоттун диссертациясы жана документтери келип түштү. 45-беренеге ылайык, эгерде УАКна документтер көрсөтүлгөн жана диссертация Кеңешке сунушталган болсо, биз аларды кабыл алууга жана алдын ала талкуулоого тийиштүүбүз.

**Төрага:** Берилген документтердин коюлган талаптарга ылайыктуулугун жарыялоо үчүн сөз кеңештин окумуштуу катчысына берилет.

**Окумуштуу катчы:**

Талгарбеков Бекболот — соискатель ученой степени доктора экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством. Диссертационная работа на тему «Земельная и аграрная реформа в суверенном Кыргызстане» была утверждена Ученым советом Кыргызского экономического университета имени М. Рыскулбекова (протокол № 10 от 28 июня 2019 г.).

Решением Ученого совета Научно-исследовательского университета «Кыргызский экономический университет имени М. Рыскулбекова» от 26 мая 2025 г. (протокол № 9) шифр специальности изменен с 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством на 08.00.06 – национальная и региональная экономика.

Соискатель – гражданин Кыргызской Республики, родился 03 марта 1955г. в селе Дон- Алыш Кочкорского района.

Трудовая деятельность: С 1972 - 1973 гг. совхоз «Коммунизм» - рабочий, 1973- 1979гг. Кыргызский национальный университет – студент, 1979-1983гг. Академия наук Киргизской Союзной Социалистической Республики - аспирант, 1991-1991гг. Аппарат Президента КР - эксперт - консультант, 1991-1996гг. Министерство сельского хозяйства КР - заместитель министра, министр, 1996-1997гг. Правительство Киргизской Республики - вице-премьер министр, 1997 – 1998 гг. Джалал-Абадская областная администрация – губернатор, 1999-2000гг. Администрация

Президента КР – советник. 2000-2002гг. Администрация Президента КР – руководитель сектора. 2002-2005гг. Правительство Киргизской Республики – руководитель аппарата, министр.

Научный консультант - доктор экономических наук, профессор Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич.

В 1979г. окончил Киргизский государственный университет имени 50-летия СССР по специальности планирование сельского хозяйства, в 1983 г. решением Совета в Институте экономики АН Киргизской ССР присуждена ученая степень кандидата экономических наук (Москва), с 2019 г. докторант НИУ «Кыргызский экономический университет им. М. Рыскулбекова».

Работа обсуждена на расширенном заседании кафедры «Менеджмент и бизнес им. Ш. Алманбетова» НИУ «Кыргызский экономический университет им. М. Рыскулбекова» (протокол № 8 от 28 апреля 2025г.), которая дала свое заключение об актуальности и научной новизне работы.

Основные содержание диссертации опубликовано в 15 научных работах, из них 5 статей в научных журналах, входящих в РИНЦ РФ, 9 статей в изданиях, рекомендованных НАК Кыргызской Республики, 1 статья, входящая в систему индексированию Scopus, общий балл 258.

Имеется акт внедрения от Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики.

**Төрага:** - Кеңештин мүчөлөрүндө окумуштуу катчыга суроолор барбы?
- Кеңеш мүчөлөрүнүн изденүүчүгө карата суроолору барбы? – Жок.

Талгарбеков Бекболот - 08.00.06 адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Земельная и аграрная реформа в суверенном Кыргызстане» темасындагы диссертацияны объективдүү кароого эксперттик комиссия түзүү зарыл.

Эксперттерди дайындоого:
Джумалиева Эльмира Бузурманкуловна - э.и.д., доцент;
Базарбаева Рахат Шимшиевна - э.и.д., профессор;
Сыдыков Бакытбек Кадыралиевича - д.э.н., профессора.

Кандай сунуштарыңар бар? Эгер макул болбосоңор, эксперттик комиссиянын курамына көрсөтүлгөн адамдарды киргизүүгө добуш берип коюңуздар.

Макул –__*11*____ . Каршы - ____*жок*______.

**2. Төрага:** Диссертациялык кеңештин жобосунун 45, 47, 59-пункттарына ылайык Омошев Төлөгөн Теңировичтин диссертациясына алдын ала кароону уюштурулуп жатат. Эми берилген документтердин талаптарга ылайыктуулугун жарыялоо үчүн сөз окумуштуу-катчыга берилет.

**Окумуштуу катчы:**

Омошев Төлөгөн Теңирович, 24-май, 1958-жылы КР Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Калмак-Кырчын айылында туулган. Улуту

кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны. Педагогика илимдеринин кандидаты, ЭАУнун профессору, КР РМА мүчө-корреспонденти. Азыркы учурда К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин (ЭАУ) Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык билим берүү технологиялары боюнча проректор. Билими жогорку, Ош мамлекеттик университетинин (ОшПИ) физика-математика факультетин 1980-жылы аяктаган. Алган адистиги математика сабагынын окутуучусу. 2001-жылы Экономика жана ишкердик университетин (азыркы ЭАУ) аяктаган, адистиги Бухгалтердик эсеп, талдоо жана көзөмөл. Доктордук диссертациясынын темасы 2013-жылдын 20-ноябрында К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин окумуштуулар кеңешинде бекитилген. Илимий кеңешчиси э.и.д., Г.М.Маматурдиев дайындалган. Г.М.Маматурдиев дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу 2021-жылдын 14-декабрянында К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин окумуштуулар кеңешинин чечими менен илимий кеңешчи катарында э.и.д., профессор С.А.Омурзаков бекитилген. Иш К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Экономика жана каржы кафедрасынын кеңейтилген отурумунда талкууланган (2024-жылдын 24-декабрындагы №5/1 токтому).

Диссертациянын негизги жоболору автордун жалпы көлөмү 42,7 б.т. болгон 62 эмгекте, анын ичинде жалпы көлөмү 23,5 б.т. болгон 2 монографияда чагылдырылган. Бул тизмедеги 43 макала КР Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда жана РИНЦ системасына кирген чет элдик илимий журналдарда, 3 макала SCOPUS журналдарында, ал эми 7 макала Кыргызстандын журналдарында жарыяланган.

Бардык тапшырылган документтер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына толук ылайык келет.

Диссертациялык кеңештин курамында эксперттик комиссия түзүлгөн: Б.Ч.Ишенов, экономика илимдеринин доктору, доцент; К.А.Атышов, экономика илимдеринин доктору, профессор; Э.Б.Джумалиева, экономика илимдеринин доктору, доцент.

**Төрага:** Эксперттик комиссия диссертацияга алдын ала экспертиза жүргүздү. Эми сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, профессор Э.Б.Джумалиева.

**Э.Б .Джумалиева:** - (Корутунду тиркелет)

**Төрага:** Эми эксперттин сын-пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:** Экономика илимдеринин доктору, профессор Эльмира Бусурманкуловна сын-пикирлериңиз жана сунуштарыңыз үчүн ыраазычылык билдирем!

Экономика илимдеринин доктору, профессор Джумалиева Эльмира Бусурманкуловна тарабынан көрсөтүлгөн кемчиликтерге жана сунуштарга жараша биз тараптан төмөнкүдөй иштер аткарылды:

1) Автор диссертациялык ишинде айыл чарбасын инновациялык өнүктүрүү маселелерин караганы менен мындай өнүгүүнүн деңгээлинин төмөн болуп жатканынын себептерине кеңири талдоо жүргүзбөгөн.

Бул эскертүүнүн үстүнөн иштеп, биз өнүгүү деңгээлинин төмөндүгүнүн бир нече себептерин аныктадык, анын ичинде мисал катары Жалал-Абад областындагы мал чарба продукциясын өндүрүүдөгү терс тенденцияны атоого болот. Мунун натыйжасында мал чарба продукциясы менен аймактын өзүн-өзүн камсыздоосу болжолдонуп жаткан 2028-жылда таптакыр мүмкүн эмес болуп калаары аныкталган жана ушуга жараша аталган областта мал чарба тармагын жаңы инновациялык чечимдердин негизинде интенсификациялоо боюнча сунуштар менен толукталды.

2) Диссертацияда агроөнөржай комплексин өнүктүрүүдөгү мамлекеттин ролун толугураак кароо зарыл.

Аталган эскертүүнүн негизинде диссертацинын материалдары агроөнөржай комплексин өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик тескөөнүн механизмдери менен толукталды. Бул механизмдер негизинен класстерлерди түзүү аркылуу ишке ашырылат. Биз Түштүк аймагында мамлекеттин көзөмөлү алдында иштей турган ири өнөр жайлык, айыл чарбалык, туристтик, транспорттук-логистикалык кластерлерди түзүүнү сунуштадык.

3) Диссертациялык иштин түзүмүнө коюлган эскертүүлөр.

Бул эскертүүлөр толугу менен жоюлду, изилдөөнүн милдеттери такталып, системалаштырылды.

4) Талдоодо таблицалардагы маалыматтар жок дегенде жети жылдык мезгилди камтышы керек.

Бул эскертүүнүн үстүнөн да көп иштерди жүргүздүк: таблицаларга жети жылдык маалыматтарды жайгаштырдык жана талдоону ушуга ылайык кайрадан жүргүзүп чыктык.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Б.Ч.Ишеновго берилет.

**Б.Ч. Ишенов:** - (Корутунду тиркелет)

**Төрага:** Эми эксперттин сын-пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:** Экономика илимдеринин доктору, доцент Бейшенбек Чоңмурунович сиздин сын-пикирлериңиз жана сунуштарыңыз үчүн ыраазычылык билдирем!

Экономика илимдеринин доктору, профессор Ишенов Бейшенбек Чоңмурунович тарабынан берилген эскертүүлөр боюнча төмөнкүлөрдү белгилеп өткүм келет:

1) Түзүлгөн экономикалык математикалык моделдердин жардамында алынган натыйжаларды тармактын келечекте сандык жана сапаттык жактан өнүгүүсүн пландаштырууда колдонуу жолдору ачылып берилгенде диссертациянын практикалык маанилүүлүгүнүн деңгээли жогоруламак.

Аталган эскертүү өтө так болгонун моюнга алабыз жана мунун үстүндө иштөөнүн негизинде моделдөөнүн негизинде алынган натыйжалар көбүнчө мамлекеттик органдардын аймактарды өнүктүрүү программаларын иштеп

чыгууда кандайча колдонууга ээ болоорун көрсөттүк. Алынган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр жергиликтүү бийлик органдарына аймакты өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда колдонууга сунушталды.

2) Агроөнөржай комплексин илимий-техникалык жактан алга жылдыруудагы оптималдаштыруу жараянынын мааниси жетишээрлик деңгээлде бааланган эмес, мындай баалоо бул жараянды пайдалануунун керектүүлүк даражасын өстүрмөк.

Бул эскертүүгө жооп катары биз айыл чарба өндүрүшүн оптималдаштыруу жараянын андан ары терең изилдөө зарыл деген тыянакка келгенибизди билдирем. Бул багыт айыл чарба техникаларын жана шаймандарды жайгаштыруу жана колдонууну оптималдаштыруу, айдоо жерлерин которуп иштетүү, химиялык каражаттарды иштетүү маселелерин оптималдаштырууну, мал чарбасындагы тоютту оптималдаштырууну ж.б. көп маселелерди өз ичине камтыйт. Биз бул багытта иш жүргүзүп баштаганбыз, изилдөөлөр жүрүп жатат. Диссертацияда тоютту жана химиялык каражаттарды колдонууну оптималдаштыруу маселелери каралды.

3) Айыл чарбасынын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун аныкталган жолдорун республиканын башка аймактарынын практикасында жайылтуу боюнча изилдөөлөрдү улантуу.

Биздин моделдөө жаатында жүргүзүлгөн иш-чараларыбызды республиканын башка аймактары үчүн да жүргүзүү сунушу урматтуу Эльмира Бусурманкуловна тарабынан да айтылган. Диссертациялык изилдөөбүздө моделдештирүү жараяны учурда Түштүк аймагын гана камтыган. Келечектеги изилдөөлөрүбүздө башка аймактардын айыл чарбасын өнүктүрүүнү моделдештирүү жараяндарын пландаштырдык.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, профессор К.А.Атышовко берилет.

**К.А. Атышов:** - (Корутунду тиркелет)

**Төрага:** Эми эксперттин сын-пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:** Экономика илимдеринин доктору, профессор Атышов Кобогон Атышовичтин берген сын-пикирлериңиз жана сунуштарыңыз үчүн ыраазычылык билдирем!

Экономика илимдеринин доктору, профессор Атышов Кобогон Атышовичтин берген эскертүү жана сунуштарына жооп кылып төмөнкүлөрдү белгилегим келет:

1) Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын инновациялык өнүктүрүү маселеси үстүртөн каралган. Инновациялык өнүктүрүү боюнча деталдаштырылган сунуштамаларды иштеп чыгуу диссертациялык иштин мазмунун байытууга мүмкүнчүлүк бермек.

Аталган эскертүүгө толук макулмун. Инновациялар жөнүндө бешинчи бапта кеңири талкуу жүргүзгөнбүз, бирок ошого карабастан инновацияларды кандайча ишке ашыруу маселелеринде кемчилдиктер бар экендигин мойнубузга алабыз. Бул багытта изилдөөлөрдү жер-жеринде жүргүзүү зарыл экендигин аныктадык жана кайсыл чөлкөмгө же аймакка кандай

инновацияларды киргизүү керек экендиги боюнча изилдөөлөрдү пландаштырдык. Келечекте бул багытта кеңири изилдөөлөрдү жүргүзөбүз деп сиздерди ишендирип кете аламын.

**Төрага:** Эми диссертациясынын негизги пункттары менен тааныштыруу үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү:**

Саламатсыздарбы, урматтуу Диссертациялык кеңештин төрагасы жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү!

**(Титулдук барак слайдда көрүнүп турат)**

Сиздердин назарыңыздарга "Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү" аттуу өзүмдүн диссертациялык ишимди алдын ала коргоого алып чыктым. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында мен сиздерге төмөндөгүлөрдү баяндагым келет.

**(слайд, теманын актуалдуулугу)**

Кыргыз Республикасындагы экономикалык өзгөртүп түзүүлөрдүн заманбап курсунун негизги милдеттеринин бири маалыматтык технологиялардын негизинде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жаңы сапатына өтүүнүн шарттарында мамлекеттин жөнгө салуучу функцияларын модернизациялоодо турат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) өнүгүүсү жана кеңири колдонулуусу акыркы он жылдыктагы илимий-техникалык прогресстин глобалдуу тенденциялары болуп саналып, ал адам ишмердүүлүгүнүн билим берүү, жумуш менен камсыз кылуу, саламаттыкты сактоо, экономика ж.б. сыяктуу көптөгөн чөйрөлөрүндө олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди.

Экономикалык туруксуздуктун шарттарында Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексинин (АӨК) туруктуулугун жогорулатуунун учурдагы көйгөйлөрү көп жагынан АӨКтөгү илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоо менен байланышкан. Рынок экономикасынын шарттарында айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн, өндүрүш факторлорунан болгон статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана көз карандылыктарын аныктоого негизделген божомолдоо маселелерин чечүүгө болгон салттуу ыктоону жетишээрлик деп таанууга мүмкүн эмес. Анткени ал чарба жүргүзүүчү субъекттердин болуп жаткан жараяндарга адекваттуу жүрүм-турумун эске албайт.

АӨКтөгү илимий-техникалык прогресстин маалыматтык-коммуникациялык технологияларга негизделген божомолдук моделдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле айыл чарба өндүрүшүнүн жаратылыштык-климаттык потенциалын божомолдоо бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуулукка ээ. Айыл чарбасындагы орун алып жаткан жаратылыштык-климаттык шарттарга адаптацияланышкан өндүрүштүк-экономикалык жараяндарды моделдөө айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө божомолдонгон окуялардын жана чечимдердин таасири астында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн

түшүмдүүлүгүнүн өзгөрүүсүн кыска жана орто мөөнөттүү божомолдоонун ишенимдүүлүгүн жогорулатуунун негизинде орун алган рыноктук стратегияны негиздөөгө мүмкүндүк берет.

Рыноктук экономиканы мамлекеттик жөнгө салуунун ата мекендик теориясынын негиздери, анын динамикасы, механизмдери, ыкмалары жана принциптери окумуштуу-экономисттер Ш.М.Мусакожоевдин, Т.К.Койчуевдин, А.Ж.Жусупбаевдин, Ж.С.Жаиловдун, Б.И.Баетовдун, Т.Ч.Култаевдин, С.К.Турдубаевдин, К.Дж.Джумабаевдин, К.Ш.Токтомаматовдун, К.Атышовдун, Э.Б.Джумалиеванын, Б.Ч.Ишеновдун, Р.Ш.Базарбаеванын, Г.К.Ташкулованын, Г.М.Маматурдиевдин, С.А.Омурзаковдун, А.М.Ташбаевдин ж.б. эмгектеринде иштелип чыккан.

**(слайд байланышы )**

Илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы менен анда каралган көйгөйдүн Кыргызстандын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана аймактык программалары менен түз байланышын белгилей кетүү зарыл.

Диссертациялык изилдөө демилгелүү болуу менен, иштин темасы Кыргызстандын жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөөчүлүк программаларына дал келет. Диссертациялык иш, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы менен тыгыз байланышкан. Ал экономиканын агрардык секторун өнүктүрүүнүн, тактап айтканда 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына толук ылайык келет.

Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоо тутумунун теориялык жана практикалык көйгөйлөрүнүн жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы, ошондой эле бул көйгөйлөрдү чечүүнүн актуалдуулугу жана практикалык мааниси диссертациянын темасын тандоону, максаттарын, милдеттерин жана изилдөөнүн негизги багыттарын аныктады.

**(слайд, изилдөөнүн максаты)**

Диссертациялык изилдөөнүн максаты – маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу тутумунун абалын жана аны өркүндөтүүнүн теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук жактан изилдөө, Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо турган экономикалык үлгү түрүндө түзүлгөн мамлекеттик саясаттын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу. Бул максатка жетүү үчүн диссертациялык изилдөөдө төмөнкүдөй илимий жана практикалык милдеттер коюлган:

**(слайд, милдеттери)**

-маалыматтык коомдун шарттарында Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруунун теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук негиздерин кароо

жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын маңызын аныктоо жана жалпылоо;

-Кыргызстандын илимий-техникалык прогрессинин жана инновациялык экономикасынын абалын, өнүгүүсүн маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын иштөөсүнүн заманбап шарттарында изилдөө жана негизги көрсөткүчтөрдүн динамикасына жана Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн келечегине макроэкономикалык талдоо жүргүзүү;

-келечекте Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинин субъекттеринин мүмкүн болгон абалын жана ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын тактоого багытталган сандык жана сапаттык пландоо алдындагы изилдөөлөрдүн тутуму катары болгон экономикалык божомолдоонун теориялык жана методологиялык аспектилерин изилдөө;

-маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жана агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн механизмдеринин негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти башкаруунун теориялык жана методологиялык көйгөйлөрүнө карата болгон ыктоолорду тутумдаштыруу, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын келечектүүлүгүн негиздөө менен айыл чарба өндүрүшүн башкаруунун алдыңкы ыкмаларын иштеп чыгуу;

-оптималдаштыруунун бар болгон жана алдыңкы ыкмаларынын базасында бул моделдерди ишке ашыруунун механизмдерин негиздөө менен маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде илимий-техникалык прогресстин уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин изилдөө;

-Кыргыз Республикасынын экономикасынын айыл чарбасындагы илимий-техникалык прогрессти өнүктүрүү механизмдерин маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде моделдөөнүн жана оптималдаштыруунун илимий-теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөө жана өлкөнүн аймактарында бул тармакты өнүктүрүүнү божомолдоо жана оптималдаштыруу боюнча сунуштамаларды берүү;

-Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү тармагындагы илимий-техникалык прогрессти жана бул тармакты өнүктүрүүнүн механизмдерин маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде оптималдаштыруунун илимий-теориялык, практикалык аспектилерин изилдөө жана өлкөнүн аймактарында бул кайра иштетүүчү тармактарды өнүктүрүүнү оптималдаштыруу боюнча сунуштамаларды берүү;

-айыл чарбасынын ар тараптуу көрсөткүчтөрүн өнүктүрүү деңгээлин божомолдоонун жана оптималдаштыруунун жалпыланган экономикалык-математикалык тутумдарын тургузуу аркылуу айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун багыттарын аныктоо;

-экономиканын кайра иштетүү тармагында оптималдаштыруу жана божомолдоо тутумун башкаруунун өзгөчөлүктөрүн кароо, математикалык моделдөөнү колдонуу менен экономиканын өсүүсүн божомолдоонун кээ бир ыкмаларын сунуштоо, сандык параметрлерди эсептеп чыгуу;

-агроөнөржай комплексиндеги инновациялык ишмердүүлүк аркылуу экономикалык өсүүнүн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн божомолдоонун оптималдуу усулун сунуштоо;

-илимий-техникалык прогрессти экономикалык жараяндарды моделдөөнүн жана Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин өнүктүрүү механизмдеринин негизинде оптималдаштырууну башкаруунун экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

**(слайд: объекти, предмети, илимий жаңылыгы)**

Изилдөөнүн объекти болуп Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун экономикалык өсүүсүн өркүндөтүү жана оптималдаштыруу жолдору саналат.

Изилдөөнүн предмети болуп учурдагы рынок мамилелеринин шарттарында Кыргыз Республикасынын агрардык секторундагы экономикалык жараяндарды экономикалык-математикалык моделдөөнүн негизинде агрардык секторду өстүрүүнү өркүдөтүүнүн жана оптималдаштыруунун, аны башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуунун комплекстүү методологиясы саналат.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти башкаруу системасынын абалын жана аны өркүндөтүүнүн теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук жактан изилдөөдө, экономиканын инновациялык тутумун түптөлүшүн жана андан ары өнүгүүсүн изилдөө, Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин туруктуу өнүктүрүү шарттарында улуттук инновациялык тутумдун максаттарына жетишүүгө багытталган экономиканын инновациялык тутумун түзүү жана андан ары өнүктүрүү маселелерин изилдөө, ошондой эле жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун негизинде агроөнөр жай комплексин мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда турат.

**(слайд: практикалык, экономикалык маанилүүлүгү)**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде башкаруу тутумунун абалын жана аны өркүндөтүүнүн жолдорун теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан сунуштар ата мекендик экономиканын инновациялык өнүгүүсүнүн темпин бир кыйла тездете алаарында турат.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжаларынын экономикалык маанилүүлүгү. Диссертациянын материалдарын ишке ашыруу аймакты өнүктүрүүнүн кыска, орто жана узак мөөнөттүү стратегияларын жана программаларын иштеп чыгууга, инновациялык ишмердүүлүктүн

жардамында айыл чарбасында экономикалык өсүүнү божомолдоого мүмкүндүк берет.

Алынган жыйынтыктар, методологиялык ыктоолор жана сунуштамалар өсүмдүк өстүрүү (дыйканчылык) жана мал чарбачылыгы менен алектенген дыйкан чарбалары тарабынан, ошондой эле мамлекеттик бийликтин бардык деңгээлдеги аткаруу органдары тарабынан ишке орноштуруу саясатын иштеп чыгууда, ошондой эле аны ишке ашырууда, эмгек рыногун жөнгө салууда, аймактык бийлик органдары тарабынан Кыргызстандын экономикасынын агрардык секторундагы ишканалардын практикалык ишмердүүлүгүндөгү жаңы типтеги адистик потенциалды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн келечектүү программаларын иштеп чыгууда колдонулуусу мүмкүн.

Диссертациянын коргоого алынып чыгылган негизги жоболору жогоруда аталган милдеттердин чечимдерин өз ичине камтыйт.

**(слайд: жеке салымы, сындан өткөрүлүшү)**

Изденүүчүнүн өздүк жеке салымы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти башкаруу тутумун оптималдаштыруунун жана өркүндөтүүнүн концептуалдык негиздери теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук тараптан негизделгендигинде турат. Бул прогресс Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошо турган экономикалык мыйзам ченемдүүлүктөр түрүндө түзүлгөн мамлекеттик саясаттын натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылат.

Изилдөөнүн натыйжаларын сындан өткөрүү. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары ар кандай мезгилдүү басылмаларда, ЖОЖдор аралык жана эл аралык журналдарда, монографияларда жарыяланган. Диссертациялык иштин негизги натыйжалары 2013-жылдан 2025-жылга чейинки аралыкта өткөрүлгөн эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарлар-кеңешмелерде жана эл аралык симпозиумдарда баяндалган, талкууланган жана жактырылган. Диссертациянын негизги жоболору автордун басмадан чыккан эмгектеринде чагылдырылган.

**(слайд: басмадан чыгарылышы, көлөмү жана түзүмү)**

Изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылуусунун толуктугу. Диссертациянын негизги жоболору автордун жалпы көлөмү 42,7 б.т. болгон 62 эмгекте, анын ичинде жалпы көлөмү 23,5 б.т. болгон 2 монографияда чагылдырылган. Бул тизмедеги 43 макала КР Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда жана РИНЦ системасына кирген чет элдик илимий журналдарда, 3 макала SCOPUS журналдарында, ал эми 7 макала Кыргызстандын журналдарында жарыяланган.

Диссертациянын көлөмү жана түзүмү. Диссертациялык иш киришүүдөн, 5 баптан, корутундулардан, практикалык сунуштамалардан, 239 колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, өз ичине 53 таблица жана 22 сүрөттөрдү камтуу менен компьютерде терилген 255 бетте баяндалган.

**(слайд: биринчи баптын мазмуну)**

“Маалыматтык коом шартында Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти башкаруунун теориялык-методологиялык, уюштуруучулук-усулдук негиздери жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын түзүмү” деген аталыштагы биринчи бапта МКТ нын түзүмү жана анын маалыматтык коомду түптөөдөгү жана өнүктүрүүдөгү орду, ИТП менен Кыргызстандын инновациялык экономикасынын абалы жана өнүгүүсү, ошондой эле КР нын инновациялык экономикасын каржылоонун булактары каралды.

Азыркы учурда, өлкөнүн агроөнөр жай комплексинде эмгекти көп талап кылган технологиялар колдонулат, чакан өндүрүш жана кол өнөрчүлүк кеңири өнүккөн, алар салыштырмалуу аз инвестициялар менен улуттук продукцияны камсыз кылганы менен алардын экспорттук потенциалы жок. Аймактарды жана айылдарды комплекстүү өнүктүрүү олуттуу социалдык мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын АӨКтөгү илимий-техникалык прогресстин маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизиндеги экономикалык-математикалык моделдерин карап жатып экономикалык натыйжалуулукту жогорулатууну гана эмес, социалдык көйгөйлөрдү чечүүнү да, сунушталып жаткан реформалар теңсиздикти азайтуу жана жакырчылыкты жоюу сыяктуу социалдык көйгөйлөрдү канчалык деңгээлде чече алаарын да эске алуу зарыл. Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин өнүктүрүүнүн экономикалык жараяндарын моделдештирүүнүн негизинде агрардык сектор жана кайра иштетүү тармагы оптималдуу өнүгүүгө ээ боло тургандай жана агроөнөржай комплексиндеги өндүрүштүк түзүмдү оптималдаштыруу мүмкүн боло тургандай мамлекеттик саясаттын натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуучу оптималдаштырууну өркүндөтүү механизмдерин иштеп чыгуу керек.

**(этаптарды камтыган слайд)**

Биздин оюбузча, Кыргыз Республикасындагы улуттук инновациялык тутумду ишке ашыруу төмөнкү этаптарда орун алат:

1 -этап - Өнүгүүнүн инновациялык жолуна умтулуу менен өтүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү;

2-этап – Тармактык өз ара аракеттенишүүлөрдү орнотуу;

3 -этап – инновациялык тутумду кластерлештирүү

Бул этаптардын ар биринде аткарылышы керек болгон иш-чаралардын тизмеси диссертацияда жана авторефератта, ошондой эле сиздер көрүп турган слайддарда чагылдырылды.

**(1.9-таблица слайд)**

Бүгүнкү күндө «Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы эксперттер тарабынан эң либералдуу мыйзам катары эсептелет, бирок инновациялар жагынан да жакшыртуу чараларын ыкчам түрдө көрүү зарыл. Кыргыз Республикасы Австрия, Улуу Британия, Германия, Индия, Казакстан, Катар, Түркия, Кытай, Кувейт, Россия, АКШ, Швейцария, Түштүк Корея ж.б. мамлекеттер менен инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо боюнча 33 эки тараптуу келишим

түзгөн. ЕАЭБге кирүү менен Кыргызстан жана анын өнөктөштөрү үчүн калкынын саны 180 миллиондон ашкан ЕАЭБге мүчө 5 өлкөнүн рынокторуна товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана капиталдын өтүүсүнө тоскоолдуктар жоюлду. Аталган биримдиктин экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлин жогорку таблицадан көрүүгө болот:

Таблицанын маалыматтарына ылайык, 2024-жылы Биримдик өлкөлөрү оң экономикалык динамикаларды көрсөтүштү жана бардык мүчө мамлекеттерде ИДПнын өсүү темпи дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөн ашты. Россияда экономикалык өсүштүн динамикасы 4,3% га чейин тездеди. Кыргызстанда ИДПнын өсүшү 2023-жылдын деңгээлинде сакталып, 9,0%ды түздү (ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ичинен эң жогорку өсүш). Калган үч өлкөдө экономикалык өсүштүн динамикасы басаңдады: Арменияда 5,9%, Белоруссияда 4,0%, Казакстанда 4,8%.

Биримдиктин көпчүлүк өлкөлөрүндө утурумдук амалдардын эсебинин ИДПга салыштырмалуу сальдосу жакшырды. Казакстанда тартыштык 2023-жылдагы ИДПнын 3,6%ынан 2024-жылы ИДПга карата 1,7%га чейин төмөндөгөн, Кыргызстанда ИДПга карата 44,9%дан 25,3%га чейин төмөндөгөн, ал эми Россияда профицит ИДПга карата 2,9%га чейин көбөйгөн (2023-жылы – ИДПнын 2,4%га чейин өскөн). Арменияда утурумдук амалдардын эсебинин тартыштыгынын ИДПга карата 2,8%дан 4,6%га чейин жана Беларуссияда ИДПга карата 2,5%га чейин өсүшү импорттун көлөмүнүн өсүшү менен байланыштуу болду.

**(слайд: 2-баптын мазмуну)**

“Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексинин маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын иштөөсүнүн учурдагы шарттарындагы негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасын макроэкономикалык талдоо жана анын өнүгүү келечеги” деген аталыштагы экинчи бапта Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын учурдагы шарттардагы негизги көрсөткүчтөрүн жана өнүгүү келечегин, Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексинин негизги звеносу болгон кайра иштетүү өнөр жайынын аймактарды өнүктүрүүнүн жаңы шарттарындагы экономикалык потенциалынын тармактык пропорцияларынын көрсөткүчтөрүн жана түзүмдүк жылышууларын кеңири талдоо каралды.

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы ар дайым өндүрүштүн маанилүү тармактарынын бири болгон жана боло бермекчи, бирок акыркы жылдарда анын өлкөнүн экономикасындагы мааниси төмөндөп бара жатат. Акыркы жылдары Кыргызстандын айыл чарба сектору туруктуу оң динамикага жетише алган жок, анткени айыл чарба өндүрүшүн жогорулатуу тенденциясы болгон жок (2.1-таблица). Мындай жагдай айыл чарба көйгөйлөрүн чечүү Кыргызстандын экономикасы үчүн артыкчылыктуу маселе болуп саналаарын белгилейт. **(слайд 2.1-таблица)**

2.1-таблицанын маалыматтары көрсөтүп тургандай, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын үлүшү төмөндөө тенденциясына ээ, алсак 2017-жылы ал 12,5%ды, ал эми 2023-жылы – 9,5%ды түзгөн, же 3%га төмөндөгөн. Мында экономикалык иштин бул түрүндө иштегендердин

үлүшү каралып жаткан мезгилде 32,1%дан 20,3%га же 11,8%га төмөндөгөн. Ошол эле учурда диссертациялык иште республиканын айыл чарбасынын жалпы экономикадагы үлүшүнүн төмөндөөсүнө карабастан, анын дүң продукциясынын көлөмү өсүү тенденциясына ээ экендигин көрө алдык. Бул деген республиканын экономикасынын башка тармактары да туруктуу өсүү тенденциясына ээ болуп жаткандыгын билдирет.

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын абалын талдоонун жыйынтыктары боюнча анын өнүгүүсүнө SWOT талдоо жүргүзүлдү. Натыйжада Кыргызстандын айыл чарбасынын алсыз жактары менен өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү көп экендиги аныкталды.

Андан ары Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексинин негизги звеносу болгон кайра иштетүү өнөр жайынын абалына кеңири талдоо жүргүзүлдү. Төмөндө мисал катары аталган тармактын тамак-аш азыктарын өндүрүү тармагынын абалын көрүп турабыз. (слайд 2.8-таблица)

Таблицанын биринчи төрт жолчосунда жайгашкан маалыматтарды талдап көрөлү. Изилденүүгө алынган 7 жылдын ичинде тамак-аш жана тамеки өндүрүшүндө иштеген ишканалардын саны дээрлик өзгөрүүсүз калган (285-277 ишкана) жана бул тармакта өндүрүштүн көлөмү туруктуу өсүү тенденциясына ээ болуп, анын көлөмү 2023-жылы 2017-жылга салыштырмалуу 39 455,6 млн. сомго же 2,24 эсеге өскөн. Изилденип жаткан мезгил ичинде аталган тармакта эмгектенгендердин саны 400 адамга кыскарган. 7 жыл ичиндеги каржылык жыйынтыктар боюнча пайда 6,4 эсеге же 8 601,1 млн. сомго өскөн.

Кайра иштетүү өнөр жайынын аймактар боюнча абалын талдоо Чүй областынын лидерлик позициясын күбөлөндүрдү (слайд 2.10-таблица). Диссертацияда мындан сырткары ар бир аймактын кайра иштетүү тармагына кеңири талдоо жүргүзүлгөн.

Экинчи баптын жыйынтыгында жогоруда айтылгандардан сырткары божомолдоо технологиялары изилденген.

**(слайд: 3-баптын мазмуну)**

"Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексиндеги илимий техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жана өнүктүрүү механизмдеринин негизинде башкаруунун теориялык-методологиялык негиздерин жана айыл чарба өндүрүшүн башкаруунун алдыңкы ыкмаларын иштеп чыгуу" деген аталыштагы үчүнчү бапта илимий-техникалык прогресстин уюштуруучулук-экономикалык аспектилерин колдонуудагы жана алдыңкы оптималдаштыруу методдорунун базасында бул моделдерди ишке ашыруу механизмдерин негиздөө менен маалыматтык-коммуникациялык технологияларга негизделген изилдөөнүн жыйынтыктарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык секторундагы илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жана түштүк аймагынын агроөнөр жай комплексин инновациялык өнүктүрүү механизмдеринин негизинде оптималдаштыруунун теориялык жана практикалык аспектилери каралган.

Бул бапта мамлекеттин инвестициялык саясатына жана инвестициялардын өлкөбүздүн экономикасынын өсүшүнө тийгизген таасири изилденди. Аталган тенденция Ош областындагы инвестициялык ишмердүүлүктүн мисалында каралган. (слайд, 3.2-сүрөт). Ош облусунда экономикалык жигердүүлүктүн 2020-2024-жылдар аралыгындагы өсүшү көбүнчө негизги капиталга болгон инвестициялардын туруктуу өсүшүнө ылайык болду. Алсак, 2020-жылы Ош облусунда негизги капиталга болгон инвестициялар 5 088,2 млн. сомду түзгөн болсо, 2021-жылы 5 481,1 млн. сомду, 2022-жылы 11 810 млн. сомду, 2023-жылы 12 863,7 млн. сомду жана акыркы 2024-жылы 20 864,4 млн. сомду түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 4,1 эсеге өскөн

**(слайд: 4-баптын мазмуну)**

Диссертациялык изилдөөнүн "Экономиканын агрардык секторунун өндүрүшүнүн сарптоолорун оптималдаштыруунун жолдору жана Кыргызстандын түштүк аймагынын айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууну моделдөөнүн базасында божомолдоо" деген аталыштагы төртүнчү бапта Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын айыл чарбасынын өсүмдүк өстүрүүчүлүк (дыйканчылык) жана мал чарбачылыгынын учурдагы шарттардагы экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттары изилденип, илимий-техникалык прогрессти божомолдоо жүргүзүлдү жана Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы мал чарба продукциясын өндүрүүгө кеткен чыгымдардын чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарындагы экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун, Өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн (дыйканчылыктын) өсүмдүктөрүнүн сарптоолорунун деңгээлин оптималдаштыруунун жолдору сунушталды жана Кыргызстандын түштүк аймагындагы өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн (дыйканчылыктын) учурдагы шарттардагы ички дүң продукциясынын көлөмүн божомолдоо жүргүзүлдү.

Изилдөөлөрүбүз айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү факторлорун аныктоо менен биргеликте экономикалык-математикалык ыкмаларды жана маалыматтык коммуникациялык технологияларды колдонуу менен республикабыздын түштүк аймагындагы өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбасы тармактарынын өнүгүүсүнүн божомолдору иштелип чыгылды. Аталган божомолго Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары негиз болду (слайд, 4.2-таблица).

Натыйжада алынган маанилерди колдонуу менен жалпы эле түштүк аймагындагы мал чарба продукциясынын дүң чыгарылышынын божомолдук маанилери аныкталган: **(слайд)**

$$У_{бож2024} = -0,1660 + 1,0001 * 15250,2 + 1,0000 * 36931,21 + 0,99997 * 41956,31 + 1,0005 * 365,04 = 94\ 503,0941 \text{ (млн. сом)}$$

$$У_{бож2025} = -0,1660 + 1,0001 * 16851,8 + 1,0000 * 40447,72 + 0,99997 * 45879,02 + 1,0005 * 247,14 = 103\ 425,5374 \text{ (млн. сом)}$$

$$У_{бож2026} = -0,1660 + 1,0001 * 18453,4 + 1,0000 * 43964,23 + 0,99997 * 49801,73 + 1,0005 * 97,74 = 112\ 317,9327 \text{ (млн. сом)} \quad (7)$$

$$У_{бож2027} = -0,1660 + 1,0001 * 20055,0 + 1,0000 * 47480,74 + 0,99997 * 53724,44 + 1,0005 * (-83,16) = 121\ 177,2052 \text{ (млн.сом)}$$

$$У_{бож2028} = -0,1660 + 1,0001 * 21656,6 + 1,0000 * 50997,25 + 0,99997 * 57647,15 + 1,0005 * (-295,56) = 129\ 005,5637 \text{ (млн. сом)}$$

Эсептөөнүн жыйынтыктары продукцияны дүң чыгаруунун көлөмүнүн төмөндөө тенденциясын көрсөтүүдө, башка сөз менен айтканда, 2024-2028-жылдар аралыгында бул көлөмдүн өсүү темпи өткөн жылга салыштырмалуу тиешелүү түрдө 10,46%, 9,44%, 8,6%, 7,89% жана 6,46% га көп болгону менен, жалпысынан бул көрсөткүчтөр төмөндөөдө. Демек, бүткүл республика боюнча мал чарбасынын дүң продукциясын өнүктүрүүгө мүмкүндүк бере турган моделди иштеп чыгуу зарыл.

Ушундай эле жол менен 4-баптын 3-параграфында Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы өсүмдүк өстүрүүчүлүк тармагынын дүң продукциясынын көлөмдөрүнүн божомолдору иштелип чыгылды: **(слайд)**

$$У_{бож2024} = 0,00000282 + 14891,59 + 35946,5 + 42696,29 = 93\ 534,38 \text{ (млн. сом)};$$

$$У_{бож2025} = 0,00000282 + 16324,34 + 31438,8 + 47351,94 = 95\ 115,08 \text{ (млн.сом)};$$

$$У_{бож2026} = 0,00000282 + 17757,09 + 24293,8 + 52007,59 = 94\ 058,48 \text{ (млн.сом)}; \quad (8)$$

$$У_{бож2027} = 0,00000282 + 19189,84 + 14511,6 + 56663,24 = 90\ 364,68 \text{ (млн.сом)};$$

$$У_{бож2028} = 0,00000282 + 20622,59 + 2092,08 + 61318,89 = 84\ 033,56 \text{ (млн.сом)};$$

Алынган маалыматтардан түштүк аймагынын өсүмдүк өстүрүүнүн (дыйканчылыктын) продукциясынын дүң өндүрүшүнүн көлөмүнүн божомолдук маанилери кемүү тенденциясына ээ экендигин байкайбыз. Чындыгында 2028-жылы бул көрсөткүч 2019-жылга салыштырмалуу 1,75 эсеге өскөнү менен, божомолук мезгилдин башындагы 2024-жылга салыштырмалуу 10,2%га азайгандыгын көрөбүз. 2024-2028-жылдар аралыгындагы божомолдук мезгил ичиндеги ар бир жылдагы өсүү темпи тиешелүү түрдө 2025-жылы 1,6%ды, 2026-жылы -1,1%ды, 2027-жылы -3,9%ды жана 2028-жылы 7%ды түзүүдө. Мындай кемүү тенденциясы негизинен Жалал-Абал облусу боюнча божомолдордун терс динамикасы менен шартталган.

**(слайд: 5-баптын мазмуну)**

Изилдөөнүн "Экономикалык өсүүнү андан ары өркүндөтүүнүн, оптималдаштыруунун жана учурдагы рыноктук мамилелердин шарттарында экономиканын агрардык секторун экономикалык жараяндарды моделдөөнүн негизинде башкаруунун атаандаштыкка жөндөмдүү тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу" деп аталган бешинчи бапта учурдагы рыноктук мамилелердин шарттарында экономиканын агрардык секторунун экономикалык өсүүсүн оптималдаштырууну өркүндөтүү жана аны башкаруунун атаандаштыкка жөндөмдүү инновациялык тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору каралды. Өлкөнүн экономикалык өсүүсүн андан ары өркүндөтүүнүн жана оптималдаштыруунун жана учурдагы шарттарда өсүмдүк өстүрүүчүлүктү (дыйканчылык), мал

чарбачылыкты башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуунун келечектери көрсөтүлдү.

Диссертациялык иште жүргүзүлгөн АӨКтөгү илимий-техникалык прогрессти МКТнын жардамында божомолдоонун теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук негиздери төмөнкүдөй тыянактарды жана сунуштарды чыгарууга мүмкүндүк берди. Мында мен алардын кыскача мазмунун айтып өтөйүн, алардын кеңири негиздөөсү авторефератта баяндалган.**(слайд: тыянактар)**

1.Кыргыз Республикасынын айыл чарба тармагын түптөө жана өнүктүрүү тутумундагы МКТнын ордун жана функцияларын түшүнүүгө болгон учурдагы илимий ыктоолорду талдоо маалыматтык технологиялар менен байланышкан компетенциялардын негизги маанисин аныктоого мүмкүндүк берди.

2.Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын АӨКтү МКТнын негизинде оптималдуу башкарууну түптөө жана өнүктүрүү менен байланышкан бир катар илимий иштелмелер жалпыланган.

3.Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнү башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана илимий-техникалык прогрессти колдонуу пландаштыруунун базасы катары болгон божомолдоонун сапатын жакшыртуу зарыл.

4.Республиканын АӨК ишканаларынын жана аймактарынын экономикалык абалын билдирген көрсөткүчтөргө жүргүзүлгөн талдоо негизинен рыноктук мамилелерге өтүү мезгилиндеги терс жараяндарды жана туруксуз кырдаалдарды аныктады.

5.МКТнын жардамында божомолдоо көбүрөөк даражада экономикалык-математикалык ыкмаларды жана оптималдуу башкарууну ишке ашыруунун жол-жоболорун, анын ичинде экономикалык чечимдерди кабыл алууну координациялоону, имитациялоо моделдерин жана стохастикалык программалоону колдонуу ыкмаларынан көз каранды. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын экономикасынын агрардык секторунун субъекттеринин келечекте мүмкүн болгон абалын жана ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын тактоого багытталган сандык жана сапаттык алдын ала пландалган изилдөөлөрдүн тутуму катары болгон экономикалык божомолдоонун теориялык жана методологиялык аспектилери изилденди.

6.Диссертациялык иште МКТнын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикасынын агроөнөр жай секторун өнүктүрүүнүн алкагындагы илимдин колдонмо маанидеги генезисин талдоонун негизинде абалды жана өнүгүүнү баалоонун жана оптималдаштыруунун контекстинде экономиканын агроөнөр жай секторун оптималдаштыруунун адаптивдүү ыкмаларынын теориялык жана методологиялык негиздери иштелип чыгылды жана аныкталды, кыртышты кайра иштетүү, себүү жана жер семирткичтерди берүү тутумун колдонуу үчүн жогорку интенсивдүү технологиянын теориялык негиздери, айыл чарба продукциясын өндүрүү жана кайра

иштетүү боюнча эмгектик, каржылык жана энергетикалык ресурстарды жогору натыйжалуу колдонуу ыкмалары иштелип чыгылды.

7.Автор өндүрүштүн учурдагы абалын жана негизги көрсөткүчтөрүнүн өнүгүшүн жана айыл чарба продукциясын керектөөчүлөр арасында тескөөнүн жана бөлүштүрүүнүн учурдагы практикасын талдап, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен өндүрүштү жана керектөөчүлөр арасында бөлүштүрүүнү оптималдаштыруу жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, жердин түшүмдүүлүгүн, малдын продукттуулугун жогорулатуу концепциясын иштеп чыккан.

8.Заманбап рынок мамилелерин моделдөөнүн негизинде экономикалык өсүштү андан ары күчөтүүнүн, айыл чарбасын жана өнөр жайды башкаруунун атаандаштык тутумун оптималдаштыруунун жана натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору сунушталып, экономиканын өсүшүн оптималдаштыруунун жана айыл чарбасын жана өнөр жайды башкаруунун атаандаштыкка жөндөмдүү инновациялык тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттары сунушталды.

9.Учурдагы шарттарда АӨКтү башкаруунун натыйжалуулугун андан ары өркүндөтүүнүн, жогорулатуунун, оптималдаштыруунун негизги багыттары жана да рыноктук мамилелердин учурдагы шарттарында экономикалык өсүштүн болочоктогу сапаттык индикаторлорун божомолдоону, экономикалык жараяндарды моделдөөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды.

10.Агроөнөр жай комплексин башкаруу боюнча чет мамлекеттердин тажрыйбасына баа берүү менен, экономикалык жактан өнүккөн көптөгөн чет өлкөлөрдүн негизги потенциалы агроөнөр жай комплексиндеги ишканалардын санында, өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын көлөмүндө гана эмес, айыл чарбасында өндүрүш жараянын уюштуруунун илимий-техникалык деңгээлинде, башкаруу тутумунун натыйжалуулук деңгээлин жогорулатуунун эсебинен чектелген өндүрүш ресурстарын сарамжалдуу колдонуу менен аныкталаарын белгилеп өтөбүз. Албетте, белгиленген факторлор өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын сапатын жакшыртат жана мындай продукциянын дүйнөлүк рыноктогу жетишээрлик жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат.

11.Жүргүзүлгөн изилдөөлөр маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде илимий-техникалык прогрессти божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү боюнча ишенимдүү маалымат илимий корутундулардын жана сунуштардын негизи болуп саналаарын көрсөттү. Дал мына ушул нерсе чечүүчү болбосо да олуттуу деңгээлде азыркы абалга жана келечектүү багытка баа берүүнүн сапатын жана тууралыгын аныктайт. Эгерде талдоо жана божомолдоо ишенимсиз же толук эмес маалыматтарга негизделсе, анда алар канчалык так жана кемчиликсиз болбосун, эч кандай ыкма, эч кандай экономикалык модель маселени чечүү үчүн туура жооп алууга жардам көрсөтө албайт. Андыктан, мындай изилдөөлөрдү сапаттуу маалымат менен камсыз кылуу маселеси абдан маанилүү.

**(слайд: практикалык сунуштар)**

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1.АӨКтө ИТПны натыйжалуу божомолдоону МКТнын негизинде өндүрүшкө киргизүүдө төмөнкүдөй тартиптеги ыраатуулукту издөөнү сунуштайбыз. Биринчи кезекте түрдүү өлкөлөрдүн агроөнөржай комплекстеринин өнүгүү динамикасын талдап, алдыңкыларын – лидерлерин аныктоо керек. Андан кийин бул лидерлер чыгарган продукциянын сапатын жана баасын салыштырып көрүү керек. Биздин Кыргызстандын рыногу үчүн сапаттын оң деңгээлине ээ болгон лидер-өлкөлөрдүн продукциясынын өздүк наркын жана рентабелдүүлүгүн аныктоо зарыл. Эгерде чет элдик өндүрүштүн наркы биздикинен төмөн болсо, анда биздин продукциянын өздүк наркын элементтер боюнча талдап чыгуу керек.

2.Өндүрүштүн жана сатуунун өзүнчө бөлүгүндө мүмкүн болгон жогорку натыйжалуулук ишканалардын ийгиликтүү өнүгүшүнүн негизги фактору болуп саналат. Эгерде чет өлкөлүк атаандаштардын пайдалары ата мекендик өндүрүүчүлөргө караганда жогору болсо, анда мамлекеттик колдоонун же кыйла жогору рыноктук баанын шартында гана бажы жана тарифтик, каржылык саясатта же рынокту башкаруу моделдеринде инновациялык негизде ишке ашырылышы мүмкүн болгон институционалдык өзгөртүүлөр талап кылынышы мүмкүн. Эгерде мамлекеттик колдоону кошпогондогу чет өлкөлүк өндүрүүчүлөрдүн продукциясынын баасы төмөн болсо, анда ата мекендик өндүрүш кабылып жаткан тоскоолдуктардын бардыгын аныктоо жана аларды артыкчылыктуу тартипте инновациялар аркылуу жоюуга аракеттенүү керек.

3.Долбоор ишке ашырылышы керек болгон мезгил ичиндеги экономиканы моделдөөгө мүмкүндүк берүүчү факторлордун жыйындысын эске алуу аркылуу ар бир конкреттүү долбоордо инновациялык түзүүчүнүн таасирин кылдат карап чыгуу зарыл. Заманбап ыкмалар жана математикалык колдоо көптөгөн факторлордун эске алынышын, эсептөөлөрдүн тактыгын жана ылдамдыгын – даярдалган долбоорлордун жогорку сапатын камсыз кыла алышат.

4.МКТнын негизинде агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти божомолдоо жараянында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшүн божомолдоонун көп факторлуу регрессиялык моделдерин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү зарыл. Атап айтканда, продукция үчүн ылайыкташтырылган моделдерди эсептөө жана жакшыртуу, бир долбоордун, кластердин жана стратегиянын алкагында моделдерди динамикалык оптималдаштыруу, ошондой эле матрицаларды колдонуу менен толук эмес убакыттык катарларды талдоо да колдонулушу керек. Агроөнөр жай комплексинде илимий-техникалык прогрессти стратегиялык божомолдоо моделинин негизинде айыл чарба тутумунда жана айыл чарба ишканаларында МКТнын жардамында өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы тармактарын өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу зарыл. Диссертациялык иште АӨКдө ИТПны МКТнын жардамында өнүктүрүүнүн төмөнкү концепциялары иштелип чыгылды:

-айыл чарба ишканалары үчүн ИТПны МКТнын жардамында божомолдоого өтүү жараянын тездетүү жолдору аныкталды;

-айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн кайра иштетүү жана бул өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, мал чарба продукциясын чыгаруу үчүн жогорку өндүрүмдүү жана жогорку натыйжалуу техниканын жаңы муунун иштеп чыгуунун жолдору табылды жана сунушталды;

-МКТны жогорку даражада натыйжалуу колдонуу тутумун өздөштүрүүгө карата негизги багыттар иштелип чыгылып, сунуш кылынды;

-илимпоздор кыртыштын асылдуулугунун деңгээлин, отоо чөптөрдүн басып кетүүсүн жана талаанын айрым участокторунун булганышын жетиштүү тактык менен аныктоого мүмкүндүк берүүчү уникалдуу технологияларды иштеп чыгуулары керек;

-республиканын аймактарында түзүлгөн жаңы типтеги окуу борборлорунун базасында айыл чарба өндүрүшүн модернизациялоо үчүн тармактардын жетекчилеринин, жумушчуларынын, адистеринин квалификациясын жогорулатуунун, тармакты маалыматтык камсыздоо боюнча адистерди даярдоонун жолдору иштелип чыгылып, сунушталды;

-маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен илимий-техникалык прогрессти божомолдоонун негизинде экономиканын агрардык секторунун өндүрүш түзүмүн оптималдаштыруунун усулу иштелип чыгылды;

-диссертацияда иштелип чыгылган инновациялык долбоорлорго болгон инвестицияларды баалоо усулун өлкөнүн экономикасын модернизациялоо үчүн айыл чарба адистерине сунуштоого болот;

-маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде инвестициялык механизмдин иштешин өркүндөтүү жана илимий-техникалык прогрессти божомолдоо боюнча практикалык сунуштарды айыл чарбасынын экономикалык өсүшүн жогорулатуу үчүн сунуштоого мүмкүн.

**(слайд: Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ыракмат!)**

**Төрага**: Кесиптештер, изденүүчүгө суроолоруңуздар барбы?

**Э.и.к., доцент А.Т. Мамыралиева:** 1.Диссертацияда эмне үчүн түштүк аймак тандалды, түндүк жана борбордук аймактар менен кандай айырмачылыктар бар?

**Изденүүчү:** Айнагүл Тураматовна суроoңузга ыракмат! Теманын географиялык багыты (түштүк аймакты тандоо) диссертациянын методологиялык өзөгүн түзөт. Түштүк аймак (Жалал-Абад, Ош, Баткен облустары) Кыргызстан боюнча айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн 45–50%ын өндүрөт; Калктын жарымынан көбү айыл жергесинде жашайт жана негизги киреше булагы - агрардык сектор; Эмгек ресурстары көп, бирок алардын өндүрүмдүүлүгү салыштырмалуу төмөн. Бул факторлор изилдөөнүн объектисин түштүк аймак менен чектөөнү экономикалык жактан негиздүү кылат.

**Э.и.к., доцент А.Т. Мамыралиева:** 2.Сиздин сунуштарыңызды ишке ашыруу үчүн кандай мамлекеттик саясат талап кылынат?

**Изденүүчү:** Диссертацияңыздагы сунуштардын (айрыкча МКТ, инновация жана агрардык өнүгүү боюнча) натыйжалуулугу мамлекеттик саясат менен түз байланышта. Диссертациябызда белгиленгендей, агрардык сектордо МКТны өнүктүрүү - бул мамлекеттик деңгээлдеги системалуу саясатты талап кылат. Талап кылынуучу саясаттык багыттар: "Санарип айыл чарба" улуттук программасын кабыл алуу; Айыл чарба министрлигинин алдында агрардык маалыматтык системаларды координациялоочу борбор түзүү; Айыл жеринде интернет жана санарип инфраструктураны өнүктүрүүгө субсидия жана инвестициялык колдоо механизмин киргизүү; Электрондук өкмөт менен айыл чарба министрлигинин маалымат базаларын интеграциялоо. Негизги максат маалыматты тез жеткирүү, чарбалык чечимдерди санариптик негизде кабыл алуу, божомолдорду автоматташтыруу.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 1.Диссертацияда изилдөөнүн максаттары жана милдеттери окшош болуп калган?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат!

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 1.Эмне үчүн сиздин диссертацияда изилдөөнүн милдеттери менен илимий жаңылыктары окшош болуп калган?

**Изденүүчү:** Сурооңузга ыракмат! Докторлук изилдөө — бул жөн гана талдоо эмес, жаңы илимий ыкма, модель же теориялык жыйынтык сунуштоого багытталган иш. Ошондуктан милдеттерди ишке ашыруунун жыйынтыгында жаңы нерсе (илимий жаңылык) табылат. Башкача айтканда, милдеттер - "эмнени изилдейбиз жана кантип жасайбыз" деген процесс, ал эми жаңылык - ошол процесстин натыйжасы. Мисалы, диссертацияда "айыл чарбасындагы чыгымдарды оптималдаштыруу моделин иштеп чыгуу" – бул милдет, ал эми "ошол моделдин иштелип чыгышы жана агрардык өндүрүштө колдонулушу" - бул илимий жаңылык болуп саналат.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 2.Диссертацияда региондор боюнча салыштырма анализ барбы?

**Изденүүчү:** Ооба, биздин доктордук диссертациябызда региондор боюнча салыштырма анализ бар - айрыкча Кыргызстандын түштүк аймагынын (Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарынын) агроөнөржай комплекси өзүнчө талданган. Кыргызстан боюнча айыл чарбасынын негизги көрсөткүчтөрү (ИДП, өндүрүш көлөмү, эмгек өндүрүмдүүлүгү, чыгым деңгээли ж.б.) региондор салыштырылган; Түштүк аймактын көрсөткүчтөрү республика боюнча орточо деңгээл жана түндүк аймактар (Чүй, Ысык-Көл, Талас) менен салыштырылган; Мал чарбачылыгы жана өсүмдүк өстүрүү боюнча аймактардын потенциалы жана натыйжалуулугунын айырмачылыктары көрсөтүлгөн. Түштүк аймактагы айыл чарбасынын өндүрүш чыгымдары, кирешелүүлүк деңгээли, өндүрүш структурасы терең талданган; Мал чарба жана дыйканчылык боюнча экономикалык-математикалык моделдер курулуп, региондор ортосундагы айырмачылыктар сандык түрдө көрсөтүлгөн; Түштүк аймактын өнүгүү потенциалы жана ресурстук артыкчылыктары аныкталган.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 3.Чет өлкөдө, Россияда жана Кыргызстанда МКТнын мааниси кандай? Сиз МКТнын аныктамаларын таптыңызбы?

**Изденүүчү:** Мен изилдеп көрдүм: чет өлкөдө, Россияда жана Кыргызстанда МКТ деген түшүнүктөр канчалык колдонулуп жатат, жана мыйзамдуу аныктамалар бар. Эл аралык аныктамалар так, кеңири жана колдонууга жарактуу. Кыргызстанда МКТ деген термин расмий статистикада (Нацстатком) колдонулат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) - бул маалыматты жыйноо, иштетүү, сактоо, берүү жана жайылтуу үчүн колдонулган технологиялык ыкмалардын, жабдуулардын жана программалык каражаттардын жыйындысы.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 4.Диссертацияңызда АӨК боюнча ЕАЭБ барбы?

**Изденүүчү:** Абдан маанилүү суроо, ооба, биздин диссертацияда АӨК (агроөнөржай комплекси) боюнча ЕАЭБ маселеси бар. Ал негизинен 2 жана 5-бөлүмдөрдө каралган. Кыргызстан ЕАЭБге мүчө болгон шартта айыл чарба рыногунун жаңы талаптары, атаандаштык факторлору жана техникалык стандарттар талданган; АӨК үчүн ЕАЭБ мейкиндигинде инновация жана маалыматтык технологиялар интеграциясынын зарылдыгы көрсөтүлгөн; ЕАЭБге кирүү Кыргызстан үчүн агрардык продукцияны экспорттоодо жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты, бирок сапат стандарттары жана технологиялык деңгээл боюнча жаңы талаптарды да койду.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 5.2.1.-таблицада айыл чарбасынын ИДП боюнча төмөн карай кетип жатат. Сиздин жүргүзгөн божомолдоодо дагы төмөн карай кетип жатат. Изилдөөдө стратегиялык концепциялар, моделдер иштелип чыгыш керек эле. Диссертацияда ушул нерселерди болтурбоо үчүн кандай моделдерди же стратегиялык концепцияларды иштей алдыңыз?

**Изденүүчү:** Божомолдоо беш жылга бардык облустар боюнча жүргүзүлгөн, бирок бардыгында эле төмөн эмес жогор божомолдоо көрсөтүлгөн, булардын баары диссертацияда берилген. Биз алган корреляциялык-регрессиялык модель мал чарба ИДПсынын деңгээлиндеги өзгөрүүлөргө көз салууга мүмкүндүк берет. ИДПнын болочок деңгээлин ошол эле моделдин негизинде моделде каралган факторлорду өзгөртүү жолу менен божомолдоого болот. Айыл чарба өсүшүнүн макроэкономикалык моделдери – сектордун өнүгүүсүн, инвестицияларды жана продукция көлөмүн болжолдоо үчүн. Ал эми эконометрикалык моделдер (тренд анализ, регрессия) – ИДПнын төмөндөшүнүн себептерин сандык жактан аныктоо жана келечек жылдарга божомолдоо жүргүзүү үчүн диссертацияда колдонулду.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** 6.Диссертацияда божомолдоо бир гана Жалал-Абад облусу каралганбы?

**Изденүүчү:** Жок, диссертацияда божомолдоо бир гана Жалал-Абад облусу боюнча жүргүзүлгөн эмес. Бирок, Жалал-Абад облусу негизги “тажрыйбалуу база” катары тандалып алынган, анткени ал Кыргызстандын

түштүк аймагынын типтүү агрардык структурасын чагылдырат. Диссертацияда изилдөөнүн предмети катары Кыргызстандын түштүк аймагы алынган. Анын курамына төмөнкү облустар кирет: Жалал-Абад облусу, Ош облусу, Баткен облусу. Бирок сандык моделдөө жана божомолдоо негизинен Жалал-Абад облусунун мисалында жүргүзүлгөн, себеби: Облустун айыл чарба структурасы республика боюнча орточо үлгү катары эсептелет; Статистикалык маалыматтар толук жана системалуу жеткиликтүү болгон; Мал чарба, дан жана мөмө-жемиш өндүрүшү боюнча бардык типтүү формациялар бар. Экономикалык-математикалык божомолдоо модели, анда киреше, чыгым, эмгек өндүрүмдүүлүгү жана капиталдын натыйжалуулугу эске алынган. Модель параметрлери Жалал-Абаддын реалдуу статистикасына негизделип, кийин Ош жана Баткен үчүн салыштырма анализ аркылуу адаптацияланган.

**э.и.д., профессор, Б.И.Баетов:** 1. Алдыңкы өлкөлөрдү аныктоодо кандай критерийлер колдонулган? Изилдөөңүз үчүн кайсы алдыңкы өлкөлөрдү тандадыңыз?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат! Алдыңкы өлкөлөрдү аныктоо үчүн негизги критерийлер экономикалык көрсөткүчтөр (ИДПдагы үлүшү, өндүрүш көлөмү, экспорттук потенциал), технологиялык деңгээл (инновация жана механизация), инфраструктуралык шарттар жана социалдык колдоо (фермерлерге субсидия, кадрлардын квалификациясы) болуп саналат. Изилдөө үчүн Россия, Германия, АКШ, Индия, Кытай жана Израиль сыяктуу өлкөлөр тандалды. Бул өлкөлөр айыл чарба өндүрүмдүүлүгү, технологиялык инновациялар жана эффективдүү саясат менен белгилүү. Алардан алынган тажрыйба ИДПнын төмөндөшүн алдын алуу жана секторду модернизациялоо үчүн колдонулат. Мындай тандоо изилдөөнүн аналитикалык жана практикалык негизин бекемдейт.

**э.и.д., профессор, Б.И.Баетов:** 2.Сиздин диссертацияңыз өндүрүш структураларын оптималдаштыруу ыкмаларын камтыйт. Сиз иштеп чыккан оптималдаштыруу ыкмаларынын маңызы эмнеде?

**Изденүүчү:** Биздин диссертациябызда иштелип чыккан өндүрүш структураларын оптималдаштыруу ыкмалары ресурстарды эффективдүү бөлүштүрүүгө жана чыгымдарды азайтууга жардам берет. Алар өндүрүштүн натыйжалуулугун жана продукция көлөмүн жогорулатат. Ошондой эле экономикалык туруктуулукту камсыз кылып, ИДПнын төмөндөшүнө каршы механизм катары кызмат кылат. Оптималдаштыруу заманбап агротехнологияларды жана автоматизациялык процесстерди интеграциялоого шарт түзөт. Бул ыкмалар сектордун стратегиялык пландоосун жана башкаруу чечимдерин сандык жана концептуалдык жактан колдойт. Натыйжада айыл чарба секторунун туруктуу жана эффективдүү өнүгүүсүнө салым кошот.

**Төрага:** Эксперттик комиссия оң корутунду чыгарды. Диссертациялык кеңештин Жобосунун 56-пунктуна ылайык, Омошев Төлөгөн Теңировичтин диссертациясына жетектөөчү уюмду жана расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуштарды киргизүүнү сунуштайм.

Кандай сунуштар бар?

**Э.и.д., профессор Р.Ш.Базарбаева:** Авторефератка караганда диссертацияда маалыматтар аябай көп. Бирок диссертациядагы маанилүү маалыматтар авторефератка кирбей калгандыгы байкалып жатат. Ошондуктан авторефератты дагы да күчтөндүрүү менен ондоону сунуштайм.

**Э.и.д., профессор Б.К.Сыдыков:** Диссертацияда берилген божомолдоолор авторефератка кирбей калгандай туюлууда. Ошондуктан божомолдоону мындан да көбүрөөк берилүүсүн жана негизги басымды региондорду толук камтуу менен берүүнү сунуштайм. Бул кемчиликтерди жана сунуштарды толук аткаруу үчүн алдын ала коргоонун мөөнөтүн узартууну сунуш катары берем.

**Э.и.д., профессор К.Атышов:** Эксперт катары каралган кемчиликтер жана сунуштар негизинен аткарылган. Бирок жогорудагы айтылган кемчиликтерди толуктоо диссертациянын актуалдуулугун жана сапатын жогорулатат деп ойлойм. Ошондуктан кошумча убакыт берүү менен алдын ала коргоонун мөөнөтүн узартууга макулмун.

**Э.и.д., доцент Б.Ч.Ишенов:** Мен да жогоруда айтылган кесиптештердин сунуштарына макулмун. Бирок бул көп жылдардан бери иштелип жаткан эмгек экендигин эске алуу менен, диссертацияны толук карап чыккан эксперт катары диссертация сапаттуу жана актуалдуу экендигине шек жок. Бирок азыркы айтылган сунуштарды да эске алуу менен авторефератты күчөтүүгө кошулам. Изденүүчүнүн буга чейинки кылган чоң эмгектерин эске алуу менен алдын ала коргоонун мөөнөтүн узартууга макул экендигимди билдирем.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Жогорудагы кемчиликтерди, сунуштарды эске алуу менен диссертациялык кеңеш алдын ала коргоонун мөөнөтүн жылдырууну жана жеткире иштеп чыгууну сунуштады. Добуш, бир добуштан болду.

Диссертациялык кеңеш жыйналышка катышкан диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү аркылуу алдын ала коргоонун натыйжалары боюнча төмөнкүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү Омошев Төлөгөн Теңировичтин 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган “Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү” темасындагы доктордук диссертациясын 2025-жылдын 19-ноябрында саат 14.00дө кайрадан алдын ала коргоону өткөрүү менен жеткире иштеп чыгууга жөнөтүлсүн.

**Окумуштуу катчы, э.и.к.** **Окенова А.О.**